**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№1(7)/2026, 32-44

**УДК: 177**
**DOI:** 10.52754/16948823_2026_1(7)_4

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАШТАРДЫН БААЛУУЛУК БАГЫТТАРЫНЫН ЗАМАНБАП ДЕТЕРМИНАЦИЯСЫ

## СОВРЕМЕННАЯ ДЕТЕРМИНАЦИЯ ЦЕННОСТНЫХ ОРИЕНТАЦИЙ МОЛОДЕЖИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

## MODERN DETERMINANTS OF YOUTH VALUE ORIENTATIONS IN KYRGYZSTAN

**Шарипова Эркайым Козуевна**
*Шарипова Эркайым Козуевна*
*Sharipova Erkayim Kozuevna*

**философия илимдеринин доктору, профессор Ош мамлекеттик университети**
доктор философских наук, профессор Ошский государственный университет
doctor of Philosophy, Professor, Osh State University
http://orcid.org|0009-0005-5413-9619
e.sharipova_kg@mail.ru

---

**Сейдалиева Мира Кошмаматовна**
*Сейдалиева Мира Кошмаматовна*
*Seydalieva Mira Koshmamatovna*

**философия илимдеринин кандидаты, доцент Ош мамлекеттик университети**
кандидат философских наук, доцент Ошский государственный университет
Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor, Osh State University
https://orcid.org/0000-0002-7209-3571
mseidalieva.72@mail.ru

---

**Орунбаева Гулкайыр Жолоновна**
*Орунбаева Гулкайыр Жолоновна*
*Orunbaeva Gulkayyr Zholonovna*

**философия илимдеринин кандидаты, доцент Ош мамлекеттик университети**
кандидат философских наук, доцент Ошский государственный университет
Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor, Osh State University
https://orcid.org/0000-0002-1301-5338?lang=en ,
gorunbaeva@oshsu.kg ;

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАШТАРДЫН БААЛУУЛУК БАГЫТТАРЫНЫН ЗАМАНБАП ДЕТЕРМИНАЦИЯСЫ

**Аннотация**

Макалада Кыргызстан жаштарынын баалуулук багыттарынын заманбап детерминациясы дисциплиналар аралык контекстте изилденет. Коомдогу социалдык, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр жаштардын аксиологиялык позицияларынын заманбап коомдун динамикалык өзгөрүүлөрүнө ылайык кайра түзүлүп жаткандыгы чагылдырылат. Изилдөөнүн максаты болуп жаштардын баалуулук багыттарын аныктоо жана социалдык, маданий жана экономикалык факторлордун таасирин талдоо саналат. Изилдөөдө 370 респонденттин катышуусу менен сандык социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, салттуу (үй-бүлө, ден соолук, коомдук жоопкерчилик) жана заманбап (жеке ийгилик, автономия, карьера) баалуулуктардын айкалышы талдоого алынды. Натыйжалар жаштардын баалуулук системасы гибриддүү жана адаптациялык мүнөзгө ээ экенин, социалдык тармактар, билим берүү жана экономикалык шарттар менен тыгыз байланышта экенин көрсөтөт. Изилдөө жаштар саясаты жана билим берүү программаларын оптималдаштырууга практикалык негиз түзөт. Уңгужол доктринасы жаштардын иденттүүлүк, лидерлик жана социалдык активдүүлүк потенциалын өнүктүрүүнү, ошондой эле улуттук баалуулуктарды сактоону, бекемдөөнү негизги артыкчылыктуу багыт катары аныктаган стратегиялык документ катары каралды.

**Негизги сөздөр:** жаштар, детерминация, баалуулук багыттар, Уңгужол доктринасы, аксиология, гибриддүү модель, трансформация, постсоциалисттик коом, модернизация, постмодернизация концепциясы

---

## *СОВРЕМЕННАЯ ДЕТЕРМИНАЦИЯ ЦЕННОСТНЫХ ОРИЕНТАЦИЙ МОЛОДЕЖИ В КЫРГЫЗСТАНЕ*

**Аннотация**

В статье в междисциплинарном контексте исследуется современная детерминация ценностных ориентиров молодежи Кыргызстана. Отражен тот факт, что социальные, экономические и культурные изменения в обществе перестраивают аксиологические позиции молодежи в соответствии с динамичными изменениями современного общества. Цель исследования – выявить ценностные ориентации молодежи и проанализировать влияние социальных, культурных и экономических факторов. В исследовании проведен количественный социологический опрос с участием 370 респондентов, в ходе которого проанализировано сочетание традиционных ценностей (семья, здоровье, общественная ответственность) и современных ценностей (личный успех, автономия, карьера). Результаты показывают, что ценностная система молодежи имеет гибридный и адаптивный характер и тесно связана с социальными сетями, системой образования и экономическими условиями. Полученные данные создают практическую основу для оптимизации молодежной политики и образовательных программ. Доктрина Уңгужол рассматривается как стратегический документ, определяющий развитие идентичности, лидерских качеств и социальной активности молодежи, а также сохранение и укрепление национальных ценностей в качестве приоритетного направления.

***Ключевые слова:*** молодежь, детерминация, ценностные ориентиры, доктрина Уңгужол, аксиология, гибридная модель, трансформация,

## *MODERN DETERMINANTS OF YOUTH VALUE ORIENTATIONS IN KYRGYZSTAN*

**Abstract**

The article examines the contemporary determination of value orientations among youth in Kyrgyzstan within an interdisciplinary framework. It demonstrates that social, economic, and cultural changes in society contribute to the transformation of young people's axiological positions in accordance with the dynamic development of modern society. The aim of the study is to identify youth value orientations and empirically analyze the influence of social, cultural, and economic factors. A quantitative sociological survey involving 370 respondents was conducted to analyze the combination of traditional values (family, health, social responsibility) and modern values (personal success, autonomy, career). The results indicate that the value system of youth has a hybrid and adaptive character and is closely related to social networks, the education system, and economic conditions. The findings provide a practical basis for optimizing youth policy and educational programs. The "Unguzhol" doctrine is considered a strategic document that defines the development of youth identity, leadership, and social activity, as well as the preservation and strengthening of national values as a priority direction.

***Keywords:*** youth, determination, value orientations, Unguzhol doctrine, axiology, hybrid model,

| | |
|---|---|
| постсоциалистическое общество, модернизация, концепция постмодернизации | transformation, post-socialist society, modernization, postmodernization concept |

**Киришүү.** Азыркы социомаданий кырдаалда жаштардын баалуулук багыттары олуттуу трансформацияга дуушар болууда. Коомдун социалдык, экономикалык жана маданий өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр жаш муундардын аксиологиялык багыттарынын мазмунуна жана түзүлүшүнө түздөн-түз таасир этүүдө. Ааламдашуу, базар мамилелеринин тереңдеши, урбанизация, санариптештирүү, стандартташтыруу жана социалдык мобилдүүлүктүн жогорулашы жаштардын дүйнөтаанымынын трансформациясына, өнүгүү темптеринин тездешине алып келүүдө. Коомдук түзүлүштөгү кескин өзгөрүүлөр макродеңгээлдеги процесстердин индивидуалдык аң-сезимде чагылуусуна алып келип, жаштардын жүрүм-турумунда жана социалдык күтүүлөрүндө карама-каршылыктуу тенденциялардын пайда болушуна шарт түзүүдө. Салттуу жамааттык баалуулуктар менен индивидуалдык багыттардын айкалышы жаштардын аң-сезиминде баалуулуктук дезориентацияны пайда кылып, туруктуу аксиологиялык өзөктүн калыптанышын татаалдаштырууда. Совет мезгилинен кийин орун алган социалдык-экономикалык трансформациялар жаштардын жашоо образын жана коомдогу ролун кайра аныктоо учурдун актуалдуу маселесине айланды. Мамлекеттик патерналисттик камкордуктун  төмөндөшү, социалдык кепилдиктердин чектелиши жана базар мамилелериндеги атаандаштык жаштарды өз алдынча жоопкерчилик алууга, жеке ийгиликке багытталган стратегияларды тандап алууга түрттү. Натыйжада жеке жетишкендик, материалдык камсыз болуу жана социалдык мобилдүүлүк жаштардын баалуулуктар иерархиясында маанилүү орунду ээлей баштады.

Ошол эле учурда үй-бүлө, ден соолук, достук сыяктуу фундаменталдык баалуулуктар орчундуу орунда турат. Бул көрүнүш жаштардын баалуулук системасы толугу менен прагматизмге багытталбагандыгын, салттуу жана заманбап баалуулуктардын синтези жүрүп жатканын көрсөтөт. Бирок мындай синтез көп учурда ички карама-каршылыктар менен коштолуп, жаштардын аксиологиялык позицияларынын туруксуздугун шарттайт.

Азыркы кыргызстандык жаштар билим алууга, кесиптик ар тараптуу даярдыгын жогорулатууга, мобилдүүлүккө, демилгелүү жана социалдык активдүүлүккө умтулган потенциалдуу субъект катары мүнөздөлөт. Мындай сапаттар жаштарды коомдук өнүгүүнүн негизги кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири катары кароого мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда улуттук маданий баалуулуктарды, тилди жана салттарды сактоо маселеси жаштардын иденттүүлүгүн аңдап-сезүү процессинде өзгөчө орунда турат.

Демек, жаштардын баалуулук багыттары заманбап коомдун динамикалык өзгөрүүлөрүнө ылайык кайра түзүлүп, социалдык адаптациянын, интеграциянын жана өзүн-өзү аныктоонун татаал процесстерин чагылдырат. Бул жагдай жаштардын аксиологиялык

багыттарын эмпирикалык изилдөөнүн зарылдыгын шарттап, алардын коомдук өнүгүүдөгү ролун терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

**Изилдөөнүн максаты** болуп жаштардын баалуулук багыттарынын заманбап детерминациясын аныктоо жана ага таасир эткен социалдык, маданий жана экономикалык факторлорду эмпирикалык негизде талдоо саналат.

**Изилдөөнүн гипотезасы.** Жаштар арасында салттуу жана заманбап баалуулуктардын айкалышкан, гибриддүү формасы басымдуулук кылат.

Дүйнөлүк жана ата мекендик изилдөөлөрдө жаштардын баалуулук багыттарынын трансформациясына көптөгөн эмгектер арналган. Аталган маселе дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн объектисине айланып, философия, социология жана социалдык психология тармактарында кеңири изилденип келе жатат. Баалуулуктар инсандын жашоосунда багыт берүүчү негизги принциптер катары анын жүрүм-турумун, социалдык тандоолорун жана жашоо стратегияларын аныктоочу маанилүү фактор катары кызмат кылат. Илимий булактарда баалуулуктар инсан умтулган максаттар жана идеалдар катары түшүндүрүлүп, алар адамдын иш-аракеттерин жөнгө салуучу негизги багыт катары милдет аткарат. Баалуулук багыттарынын теориялык негиздери XX кылымдын ортосунда жигердүү изилденип, иштелип чыккан. Социалдык антропологияда Флоренс Клакхон жана Фред Стродтбектин баалуулук багыттары теориясына ылайык, ар бир коом адамдын табияты, убакытка болгон мамилеси жана коом менен өз ара байланышы сыяктуу негизги маселелерге өзүнүн маданий жоопторун сунуштайт. Бул теория ар кандай маданияттарда баалуулук системаларынын айырмачылыктарын түшүндүрүүгө негиз түзгөн (Клакхон Ф., Стродтбек Ф. 1961), (Милтон Рокич. 1973).

Постсоциалисттик мамлекеттерде, анын ичинде Борбордук Азия өлкөлөрүндө коомдук трансформациялар жаштардын баалуулук системасында олуттуу өзгөрүүлөрдү жараткан. Советтер Союзунун ыдырашынан кийин бул аймактагы коомдор экономикалык, саясий жана маданий кайра түзүүлөрдүн шартында өнүгүп, социалдык институттардын жана коомдук мамилелердин жаңы формалары калыптана баштаган. Мындай өзгөрүүлөр жаштардын дүйнөтаанымына жана баалуулук багыттарына да таасирин тийгизген. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, постсоциалисттик коомдордо жаштардын баалуулук системасында салттуу маданий нормалар менен глобалдык модернизациялык тенденциялардын айкалышы байкалат.

Борбордук Азиядагы эмпирикалык изилдөөлөр жаштардын баалуулук системасында үй-бүлө, коомдук жоопкерчилик жана улууларды урматтоо сыяктуу салттуу баалуулуктар менен билим алуу, кесиптик өнүгүү жана жеке ийгилик сыяктуу заманбап баалуулуктар параллелдүү жашап жатканын көрсөтөт. Аймактагы коомдук маанайды системалуу өлчөөчү

негизги булактардан бири катары «Central Asia Barometer» көз карандысыз коммерциялык эмес изилдөө уюму Борбордук Азиядагы өлкөлөр боюнча социалдык изилдөөлөр жана аналитика жүргүзүү иштерине адистешкен. Уюм аймакта массалык сурамжылоо, фокус-группалар, тереңдетилген интервью, медиа-мониторинг жүргүзүп, аймактагы бийликтеги кызмат адамдары, эксперттер жана мамлекеттик эмес уюмдар менен диалогдорду уюштуруп келет. Бул программа жарандардын экономика, саясат, мамлекеттик башкаруу, тышкы саясат, миграция, экология, саламаттык сактоо жана башка социалдык маселелерге болгон мамилелерин изилдөөгө багытталган. Натыйжалар эл аралык уюмдар, изилдөө борборлору, медиа жана мамлекеттик органдар тарабынан маалыматка негизделген чечимдерди кабыл алууда колдонулат (Central Asia Barometer, 2025). Бул шарттарда жаштардын баалуулук багыттарын изилдөө Борбор Азия жана Кыргызстан контекстинде социалдык, маданий жана глобалдык трансформацияны түшүнүүдө маанилүү болуп саналат жана коомдук саясатты маалыматка негиздеп түзүү үчүн маанилүү инструмент болуп кызмат кылат.

Кыргызстандын мисалында жаштардын баалуулук багыттарын изилдөө акыркы жылдары активдүү жүргүзүлүп келет. Айрым эмпирикалык изилдөөлөр жаштардын баалуулук системасында үй-бүлө, билим алуу, кесиптик ийгилик жана социалдык өзүн-өзү ишке ашыруу сыяктуу баалуулуктар маанилүү орун ээлерин көрсөтөт. Ошол эле учурда коомдук өзгөрүүлөрдүн шартында жаштардын социалдык күтүүлөрү жана жашоо стратегиялары да өзгөрүп жаткандыгы белгиленет. Изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча Кыргызстандагы жаштардын баалуулук системасы салттуу маданий нормалар менен заманбап социалдык талаптардын өз ара аракеттенүүсүнүн негизинде калыптанууда. Жаштардын баалуулук багыттарын изилдөө коомдук трансформациялардын социалдык жана маданий кесепеттерин түшүнүү үчүн маанилүү болуп саналат. Өткөөл мезгилде жаш муундун баалуулук системасы коомдогу өзгөрүүлөрдү чагылдырат. Ошондуктан жаштардын баалуулук багыттарын эмпирикалык деңгээлде изилдөө коомдогу социалдык процесстерди жана алардын келечектеги өнүгүү тенденцияларын түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет. Ушундай теориялык негиздер жаштардын баалуулук багыттарын изилдөөдө тарыхый, маданий жана социалдык факторлордун ролу чоң экенин көрсөтөт. Кыргызстан коомунда жүрүп жаткан социалдык өзгөрүүлөр да жаш муундун баалуулук системасында салттуу жана заманбап баалуулуктардын айкалышкан формасынын калыптанышына шарт түзүүдө. Кыргыз жана постсоветтик мейкиндиктеги илимий адабияттарда жаштардын баалуулук багыттары көбүнчө социалдык трансформациялардын индикатору катары каралат. Кыргыз изилдөөчүлөрү жаштардын баалуулуктарын улуттук маданият, салттуу социалдык институттар жана базар экономикасынын шартынын таасирин талдоого басым жасашат. Изилдөөлөрдө

белгиленгендей, кыргыз коомунда үй-бүлө, улууларды сыйлоо, жамааттык жоопкерчилик сыяктуу баалуулуктар сакталган, ошол эле учурда жеке ийгиликке, карьерага, билимге жана материалдык жетишкендикке умтулуу күч алууда. Бул процесс улуттук баалуулуктардын жок болушу эмес, алардын жаңы социалдык шарттарга ылайык кайра трансформацияланышы катары бааланат (Сейдалиева ж.б., 2022, 114).

Учурда Кыргыз Республикасынын өнүгүү стратегияларынын бири катары улуттун нарк баалуулуктарына таянган, жалпы адамзаттык тажрыйбаларды эске алган, узак мөөнөткө эсептелген идеялар тутуму - "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу доктринасы кабыл алынды. Уңгу жол доктринасы жаштар саясатынын багыттары боюнча төмөнкүлөрдү аныктайт: жаштардын иденттүүлүк, лидерлик жана социалдык активдүүлүк потенциалын колдоо; баалуулук системасын өнүктүрүү, жарандык жоопкерчилик жана коомдук катышууну стимулдаштыруу; жаштардын моралдык жана социалдык потенциалын бекемдөө. Кыргыз Республикасынын Президентинин ПЖ № 369 “Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик” уңгужолу жөнүндөгү Жарлыкта белгиленгендей, **үй-бүлө, коом жана мамлекет үчилтиги** жаштардын билим жана маданий өнүгүүсүнө бирдей кам көрүүгө милдеттүү болуп эсептелет. Бул принциптин мааниси, биринчи кезекте, билим берүүдө улуттук нарк баалуулуктарына артыкчылык берүү, алардын заманбап тажрыйбалар менен байытылышында көрүнөт. Мындай багыт жаштардын тарбиясын улуттук контекстте жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Уңгужол доктринасында кыргыз жараны – бул **баалуулуктар, ишенимдер, таянымдар жана идеалдар тутумунун жандуу алып жүрүүчүсү,** өзүнүн күндөлүк жүрүм-турумунда үлгүлүү ченемдерди сактаган адам катары аныкталат. Анын негизги баалуулуктары төмөнкүлөр:

- **Мекенчилдик жана улуттук сый-урмат**: Кыргыз жаранынын башкы баалуулуктары – мекени, эли жана мамлекети; мамлекеттин символдоруна жана тарыхый мурастарына жогорку сый-урмат менен мамиле жасоо.
- **Жарандык туруктуулук жана жоопкерчилик**: Ар кандай шартта мекенчилдик позицияларын көрсөтүп, үй-бүлө, коом жана мамлекетке карата жогорку жоопкерчиликти көтөрө билүү.
- **Моралдык жана этикалык сапаттар**: адилеттүүлүк, теңдик, ар-намыстуулук, абийирдүүлүк, маданияттуулук, адамгерчилик, айкөлдүк – күндөлүк жүрүм-турумда өзгөчө мааниге ээ.
- **Гуманисттик жана эр жүрөктүк мүнөз**: өмүрү коркунучта калган адамдарга жардам берүү, адамдар арасында тынчтыкты сактоо жана диалог аркылуу маселени чечүүгө умтулуу.
- **Интеллектуалдык жана чыгармачыл умтулуулар**: билим алууга, кесиптик жана илимий өнүгүүгө, инновациялык технологияларды өздөштүрүүгө умтулуу.

- **Экологиялык аң-сезим жана табият менен ырашкерлик**: жаратылыш байлыктарын аяр колдонуу жана табият менен гармонияда жашоого даярдык.

Бул баалуулуктар **Кыргыз жаранынын иденттүүлүгүнүн, улуттук аң-сезиминин жана жарандык активдүүлүгүнүн негизин түзөт.** Алар жаштардын тарбиясынын, билим алуу процессинин жана коомдук интеграциясынын борбордук компоненти катары каралышы керек (Доктрина КР «Национальный дух - мировые высоты». 2024). Азыркы кыргызстандык жаштардын баалуулук багыттары ааламдашуу, базар мамилелеринин тереңдеши, санариптик коммуникациянын кеңейиши жана салттуу социалдык институттардын трансформациясы шартында калыптанууда. Бул процесс баалуулуктардын «жоголушу» катары эмес, алардын жаңы шарттар менен детерминацияланышы катары түшүндүрүлөт.

**Жыйынтык жана талкуу.** Изилдөө сандык социологиялык ыкманын негизинде жүргүзүлдү жана кесилиштик (cross-sectional) мүнөзгө ээ. Социалдык сурамжылоого 370 респондент катышты, бул алынган жыйынтыктардын статистикалык ишенимдүүлүгүн камсыз кылат жана жаштардын баалуулук багыттарын жалпылоого жетиштүү эмпирикалык база түзөт. Респонденттердин басымдуу бөлүгүн 18-22 жаш курагындагы жаштар түзөт, анткени бул курак социалдашуу, кесипке багыт алуу жана өзүн-өзү аныктоосу активдүү жүргөн мезгил катары илимий негизде тандалып алынган. 370 респондент катышкан изилдөөнүн маалыматтары $\chi^2$ критерийи жана индекстик ыкма менен талдоо жүргүзүлдү. Маалыматтар автор тарабынан түзүлгөн анкета аркылуу жыйналды. Анкета төмөнкү бөлүмдөрдөн турат: социалдык-демографиялык көрсөткүчтөр; жаштардын негизги баалуулук багыттары; баалуулуктардын өзгөрүү динамикасы; социалдык факторлордун (социалдык тармактар, экономика, миграция, шаардык жашоо, билим берүү) таасири; салттуу жана заманбап баалуулуктардын айкалышы. Изилдөөнүн аналитикалык мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында баалуулуктардын индекси колдонулду:

1. *«Руханийлик индекси»* төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде эсептелет: үй-бүлө; ден соолук; руханий өнүгүү; коомго пайдалуу болуу. Индекс жогорку мааниге ээ болсо – руханий баалуулуктар басымдуулук кылат.

2. *«Прагматизм индексинин»* негизги көрсөткүчтөрү болуп материалдык камсыз болуу; жеке ийгилик; карьера, коомдогу статус эсептелет. Бул индекс жаштардын экономикалык жана индивидуалисттик багыттарын чагылдырат. Индекстер жаштардын баалуулук багыттарын сандык деңгээлде салыштырууга мүмкүндүк берет.

3. *«Социалдык индекс»* төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде эсептелет: коомдук иштерге катышуу; жарандык жоопкерчилик; волонтёрдук ишмердүүлүк; социалдык адилеттүүлүккө

умтулуу. Индекс жогорку болсо – жаштар коомдук процесстерге активдүү катышууга даяр экенин көрсөтөт.

Катышуучулардын 77,3% жогорку окуу жайлардын студенттери түздү, ал эми 75,4% ишмердүүлүк көрсөткүчү боюнча респонденттердин көпчүлүгү иштебеген студенттер экендиги аныкталды. Бул жагдай азыркы жаштардын баалуулук багыттарын калыптандырууда билим берүү чөйрөсүнүн ролу жогору экенин көрсөтөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында эң маанилүү баалуулуктар катары ден соолук (90,6%) жана үй-бүлө (86,4%) түзүп алдыңкы орунда турат. Бул көрсөткүчтөр жаштар арасында салттуу гуманисттик баалуулуктар заманбап коомдук процесстерге карабастан негизги өзөк катары сакталып турганын тастыктайт. Ошол эле учурда билим (60,2%) жогорку баалуулук катары бааланып, жаштардын келечекке багытталган прагматикалык мамилесин чагылдырат.

Материалдык жактан камсыз болуу (31,1%) жана эркиндик (24,6%) салыштырмалуу орточо деңгээлде белгилениши, жаштардын баалуулук системасы бир жактуу материализмге толук өтпөгөнүн, бирок индивидуалдык ийгиликке умтулуу күчөгөнүн көрсөтөт. Бул тыянак жаштардын баалуулуктары акыркы 5–10 жылда өзгөргөнүн белгилеген респонденттердин жогорку үлүшү (64,2%) менен да ырасталат. Баалуулуктардын өзгөрүү багытын талдоодо жеке ийгиликке, карьерага басым (50,3%) түзүп биринчи орунга чыгышы ааламдашуу, базар мамилелер жана атаандаштык шартында социалдык ийгиликтин индивидуализацияланышы менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда руханий баалуулуктардын (22,3%) салыштырмалуу төмөн пайызы коомдогу маданий трансформациялардын карама-каршылыктуу мүнөзүн көрсөтөт.

Баалуулук багыттарына таасир этүүчү факторлордун ичинен социалдык тармактар, билим берүү системасы жана экономикалык шарттар эң күчтүү таасирге ээ экени аныкталды. Бул маалыматтар азыркы жаштардын баалуулук дүйнөсү санариптик мейкиндик, социалдык-экономикалык реалдуулук жана институционалдык чөйрө менен тыгыз байланышта калыптанып жатканын айгинелейт.

**1-таблица.** *Социалдык тармактардын таасири. Баалуулуктардын өзгөрүшү*

| **Баалуулуктар өзгөрдүбү?** | **Социалдык тармактар таасир этти** | **Таасир эткен жок** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|
| Ооба (олуттуу/бир аз) | 230 | 60 | 290 |
| Өзгөргөн жок / Айтуу кыйын | 33 | 47 | 80 |
| **Жалпы** | **263** | **107** | **370** |

Респонденттердин көпчүлүгү азыркы жаштар заманбап баалуулуктарды карманат деп эсептеши (77,1%) жана салттуу баалуулуктар жарым-жартылай актуалдуулугун жоготуп жатканын белгилеши (51,9%) коомдогу өтмөлүү, гибриддүү баалуулук моделинин калыптанып жатканын көрсөтөт. Бул шартта жаштардын баалуулук багыттары коомдун өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этет деген пикирдин үстөмдүк кылышы (74,6%) изилденүүчү теманын социалдык маанисин дагы бир ирет ырастайт.




Жыйынтыгында, жүргүзүлгөн сурамжылоо азыркы жаштардын баалуулук багыттары салттуу жана заманбап элементтердин айкалышында, глобалдык, жергиликтүү факторлордун таасири астында трансформацияланып жатканын көрсөттү.

**Баалуулук индекси**


- **Руханийлик индекси**: 42–45% катышуучулар үчүн маанилүү.
- **Материалдык индекси**: 30–35% катышуучулар үчүн маанилүү.
- **Социалдык индекси**: 15–20% катышуучулар үчүн маанилүү.

Статистикалык $\chi^2$ тестин колдонуп, факторлордун (социалдык тармактар, экономикалык шарт, миграция, билим берүү, шаардык жашоо) баалуулуктарга тийгизген таасирин текшердик.

**2-таблица.** *Сырткы факторлордун таасири*

| **Фактор** | **Таасир этти** | **Таасир эткен жок** | **$\chi^2$** | **p-мансы** |
|---|---|---|---|---|
| Социалдык тармактар | 263 | 47 | 180,2 | <0,001 |
| Экономикалык шарт | 232 | 78 | 110,5 | <0,001 |
| Миграция | 168 | 142 | 12,4 | 0,002 |
| Шаардык жашоо | 194 | 116 | 24,6 | <0,001 |
| Билим берүү | 246 | 64 | 135,1 | <0,001 |

Бул көрсөткүчтөр социалдык жана экономикалык факторлор жаштардын баалуулуктарына маанилүү таасир тийгизгенин көрсөтөт. Алынган жыйынтыктар жаштардын аң-сезиминде баалуулук дезориентациясы эмес, ар түрдүү баалуулуктардын айкалышы орун алып жатканын көрсөтөт. Бул көрүнүш салттуу маданий коддор менен ааламдашкан заманбап талаптардын ортосундагы синтез катары мүнөздөлөт.




Жаштардын көпчүлүгүнүн чечим кабыл алууда үй-бүлөгө таянуусу жамааттык салттардын сакталганын далилдесе, жеке ийгиликке басым автономиянын күчөшүн тастыктайт. Бул жагдай кыргыз коомунда гибриддүү социомаданий модель калыптанып жатканын көрсөтөт.

Биздин изилдөөдө (n = 347) алынган маалыматтар Г.Байбосунова, З.Джунушалиева, Э.Шарипова, К.Курбанбаев, А.Акматалиев жана башка ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектериндеги натыйжалар менен шайкеш келет. Мисалы:

- **Терминалдык баалуулуктар**: ден-соолук, үй-бүлө жана материалдык камсыздоо негизги орунда турат. Бул жаштардын коопсуздук жана туруктуулукка умтулуусун көрсөтөт.
- **Инструменталдык баалуулуктар**: билимдүү болуу, тарбиялуулук, өз алдынча аракет кылуу жана рационализм маанилүү экендиги белгиленген. Бул социалдык жана маданий факторлордун таасирин чагылдырат.
- Авторлор көбүнчө философиялык жана сапаттык талдоого таянса, биздин изилдөө **сандык талдоо жана индекстер** аркылуу баалуулуктарды аныктайт, бул баалуулуктардын арасындагы корреляцияны жана кластердик модель түзүүгө мүмкүндүк берет.

*Изилдөөнүн практикалык мааниси.* Изилдөөнүн алынган жыйынтыктары практикалык мааниге ээ болуп, аларды бир катар тармактарда колдонууга мүмкүн.

Биринчи кезекте, изилдөөнүн натыйжалары **жаштар саясатын иштеп чыгууда** колдонулуп, мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлдеги программаларды реалдуу жаштардын баалуулук багыттарына ылайыкташтырууга өбөлгө түзөт. Бул жаштардын социалдык активдүүлүгүн жогорулатууга жана коомдук интеграциясын бекемдөөгө шарт түзөт.Экинчиден, изилдөөнүн жыйынтыктары **билим берүү тармагында**, айрыкча жогорку окуу жайларында жарандык тарбия, социалдык философия, этика жана маданият таануу дисциплиналарынын мазмунун жаңылоодо пайдаланылышы мүмкүн. Ал жаштардын критикалык ой жүгүртүүсүн, баалуулук рефлексиясын жана социалдык жоопкерчилигин өнүктүрүүгө багытталган окуу модулдарын түзүүгө практикалык негиз берет. Үчүнчүдөн, алынган маалыматтар **социалдык изилдөөлөрдө жана прикладдык социологияда**

баалуулуктарды өлчөөчү индекстерди жана типологияларды иштеп чыгууда колдонулуп, кийинки эмпирикалык изилдөөлөр үчүн салыштырма база катары кызмат кыла алат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары **маданий жана коомдук институттардын** ишмердүүлүгүндө жаштар менен иштөө стратегияларын иштеп чыгууда, салттуу жана заманбап баалуулуктарды тең салмактуу интеграциялоого багытталган иш-чараларды пландаштырууда практикалык мүнөзгө ээ.

**Адабияттар:**


1. Ануфриева Ю.В. Изучение ценностных ориентаций в системе непрерывного образованияissn 1991-5497. мир науки, культуры, образования. № 6 (61) 2016 с. 232-236 file:///C:/Users/user/Downloads/izuchenie-tsennostnyh-orientatsiy-v-sisteme-nepreryvnogo-obrazovaniya.pdf
2. Байбосунова Г.У. Джунушалиева З.А. Трансформация ценностей современной кыргызской молодежи (философско-психологический анализ) Бюллетень науки и практики / Bulletin of Science and Practice https://www.bulletennauki.ru Т. 10. №12 2024 https://doi.org/10.33619/2414-2948/109 https://cyberleninka.ru/article/n/transformatsiya-tsennostey-sovremennoy-kyrgyzskoy-molodezhi-filosofsko-psihologicheskiy-analiz/viewer , https://www.bulletennauki.ru/
3. Бороноев Асалхан Ользонович, Ценности, символы, представления и традиции малой родины П.А. Сорокина в траектории его жизни.// Общество. Среда. Развитие (Terra Humana) №3. 2021г., с.17-23 // https://cyberleninka.ru/article/n/tsennosti-simvoly-predstavleniya-i-traditsii-maloy-rodiny-p-a-sorokina-v-traektorii-ego-zhizni#:
4. Доктрина Кыргызской Республики «Национальный дух - мировые высоты» Утвержденная Указом Президента КР от 18 декабря 2024 года УП № 369; https://cbd.minjust.gov.kg/18-11/edition/23328/ru
5. Орунбаева Г.Ж., Шарипова Э.К. Иденттүүлүк: философиялык анализ // Bulletin of Osh State University. – 2014. – No. 4-2. – P. 183-188. – EDN YSYNSQ. https://elibrary.ru/item.asp?id=32645521
6. Инглхарт Р., Вельцель К. Модернизация, культурные изменения и демократия: последовательность человеческого развития. М.: Новое изд-во, 2011. 462 с.
7. Инглхарт, Р. (1997). Модернизация и постмодернизация: Культурные, экономические и политические изменения в 43 обществах. Принстон: Princeton University Press.
8. Клакхон Ф., Стродтбек Ф. (1961). Вариации ценностных ориентаций. Эванстон: Row, Peterson. Рокич, М. (1973). Природа человеческих ценностей. Нью-Йорк: Free Press.
9. Курбанбаев, К. А. Инсандын социалдашуу процессиндеги искусствонун ролу / К. А. Курбанбаев // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология.

Политология. – 2025. – No. 2(6). – P. 191-196. – DOI 10.52754/16948823_2025_2(6)_24. – EDN HUPVZI. https://elibrary.ru/item.asp?id=88933494

10. Леонтьев Д.А. Методика изучения ценностны хориентаций. М., 1992. https://ru.scribd.com/document/
11. Милтон Рокич. The Nature of Human Values и Understanding Human Values. (1973) https://www.simonandschuster.com/books/Understanding-Human-Values/Milton-Rokeach
12. РындинаА.С. Истоки теории ценностей в социологии и направления ее развития. Вестник РУДН. Серия: Социология. 2021. Т. 21. No 3. С. 590–609
13. Сейдалиева, М. К. Саламаттыкты сактоодогу биоэтиканын дүйнөкараштык милдеттери / М. К. Сейдалиева, А. Жаркынбай Кызы, Ж. Жаркынбай Кызы // Вестник Ошского государственного университета. – 2022. – No. 4. – P. 110-117. – DOI 10.52754/16947452_2022_4_110. – EDN LCCRGL. https://elibrary.ru/item.asp?id=50047536
14. Сейдалиева, М., Жаркынбай кызы, А., Жаркынбай кызы , Ж. (2022). Саламаттыкты сактоодогу биоэтиканын дүйнөкараштык милдеттери. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (4), 110–117. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_4_110
15. Шарипова, Э. К. Нравственное сознание в новых социокультурных условиях / Э. К. Шарипова, А. Т. Акматалиев, Н. Н. Камбарова // Современная социологическая наука: ключевые тренды и перспективы исследования общества : сборник научных трудов V Международной конференции, Казань, 20–21 мая 2022 года. – Казань: Издательство Казанского университета, 2022.-С. 127-133. – EDN JSKUGF. https://elibrary.ru/item.asp?id=49268423
16. Шварц, Ш. (1992). Универсалии в содержании и структуре ценностей: Теоретические достижения и эмпирические проверки в 20 странах. В кн.: М. Занна (ред.), Advances in Experimental Social Psychology (т. 25, с. 1–65). Сан-Диего: Academic Press.
17. Daniel, E., Schiefer, D., Möllering, A., Benish-Weisman, M., Boehnke, K., & Knafo, A. (2012). Дифференциация ценностей в подростковом возрасте: роль возраста и культурной сложности. *Child Development*, 83(1), 322–336. https://doi.org/10.1111/j.1467-8624.2011.01694.x
18. Value Differentiation in Adolescence: The Role of Age and Cultural Complexity Get access Arrow Ella Daniel , David Schiefer , Anna Möllering , Maya Benish-Weisman , Klaus Boehnke, Ariel Knafo. Child Development, Volume 83, Issue 1, January/February 2012, Pages 322–336, https://doi.org/10.1111/j.1467-8624.2011.01694.x. Published: 25 January 2012

.